## «Бишкек инновациялык колледжи» мекемеси

## “Жалпы билим берүү” сектору

**«Бекитемин»**

**«БИК» тин мүдүрү ф.и.к., доцент**

**Эркинбеков К.Э. ______**

**______ 2026-жыл**

# *4-декабрь «Манас» эпосунун күнүнө карата жумалыкты өткөрүү боюнча*

# *отчету*

## *Темасы: ««Манас» - байыркы кыргыз рухунун туу чокусу»*

**2025- жыл**

## *««Манас» - байыркы кыргыз рухунун туу чокусу»*

*Ч.Айтматов*

«Бишкек инновациялык колледжи» мекемесинде 2025-жылдын 1-декабрынан 5-декабрына чейин **«Манас» эпосунун күнүнө карата жумалык болуп өттү. Жумалыктын ачылышына чейин 1-2-курстардын студенттерине «Манас» эпосу тууралуу сынактын тапшырмалары берилген. Алар төмөндөгүдөй: дубал гезит, видео слайд сынактары.**

**Максаты:** "Манас" эпосунун баалуулугун арттыруу, даңазалоо, сактоо болуп саналат. Ошондой эле "Манас" эпосунун улуулугун, ыйыктыгын даңазалоо менен ар бир инсандын жүрөгүндө патриоттук сезимди ойготуп, мекенди сүйүүгө үндөө.

Жумалыктын ачылышында кыргыз тили жана кыргыз адабияты сабагынын ага окутуучулары Тагаева Гүлзат Аликовна, Абдылдаева Бегайым Оразакуновна, Абылкасымова Рита Тургуналиевна, Курманкожоева Динара Козубековналар 1-2-курстарга ачык сабактарды өткөрүштү. Ар бир сабактардын жүрүшүндө студенттерге **"Манас" эпосу** *тууралуу тандалган видео слайддар,* кино тасмалар *көрсөтүлүп талкууланды.* Студенттер «Манас» эпосу тууралуу билимдерин жогорку деңгээлде көрсөтө алышты жана абдан кызыгуу, сыймыктануу менен тапшырмаларды аткарышты.

Кыргыз тили жана кыргыз адабияты сабагынын ага окутуучулары Тагаева Гүлзат Аликовна, Абдылдаева Бегайым Оразакуновна, Абылкасымова Рита Тургуналиевна, Курманкожоева Динара Козубековналар тарабынан уюштурулган жумалык өз максатына жетти.

Дүйнөдө көлөмү боюнча биринчи орунда турган **"Манас"** эпосубуз миңдеген кылымдар бою жашасын!!!

2025-жылдын 11-декабрында КРЭУ мекемесинде "Манас" эпосу - улуттук биримдиктин жана руханий мурастын түпкү булагы" аттуу илимий-практикалык конференция болуп өттү. Бул конференцияга "Бишкек инновациялык колледжи"мекемесинин директору, ф.и. к., доцент Кылыч Эркинбекович Эркинбеков, мамлекеттик тил жана тарбия иштери боюнча директордун басары Г.А.Тагаева жана кыргыз тили жана адабияты сабагынын окутуучулары: Б.О. Абдылдаева, Р.Т. Абылкасымова, Д.К. Курманкожоевалар жигердүү катышып келишип, ТАСТЫКТАМАЛАРГА ээ болушту.

Конференциянын максаттары: "Манас" эпосун даңазалоо жана жайылтуу, улуттук баалуулуктарды сактоо жана патриоттуулукка тарбиялоо ж.б. саналат. Конференцияда "БИК" мекемесинин директору ф.и.к., доценти К.Э. Эркинбеков ""Манас" эпосундагы этноэтикет түшүнүгү" деген темада эң мыкты баяндама жасады.

"МАНАС" эпосуна арналган илимий-практикалык конференцияны мыкты деңгээлде уюштургандыгы үчүн КРЭУ мекемесинин уюштуруучулар жамаатына терең ыраазычылык билдиребиз!!!🌹🌹🌹

**“БИК” мекемесинин директору, ф.и.к., доцент Эркинбеков Кылыч Эркинбекович кыргыз тили жана кыргыз адабияты сабагынын окутуучулар жамааты менен “Манас” эпосу - улуттук биримдиктин жана руханий мурастын түпкү булагы” аттуу илимий-практикалык конференцияда**











**“БИК” мекемесинин директору, ф.и.к., доцент Эркинбеков Кылыч Эркинбекович кыргыз тили жана кыргыз адабияты сабагынын окутуучулар жамааты менен “Манас” эпосу - улуттук биримдиктин жана руханий мурастын түпкү булагы” аттуу илимий-практикалык конференцияда**









**"КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮ ЖАНА МАНАС ФЕНОМЕНИ" АТТУУ ЭЛ АРАЛЫК КОНФЕРЕНЦИЯ БЕЙФОРМАЛ ЖОЛУГУШУУ МЕНЕН БАШТАЛДЫ**

"Манас" улуттук академиясы, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Адабият институту биргелешип уюштурган "Кыргыз мамлекеттүүлүгү жана Манас феномени" аттуу эл аралык илимий-практикалык конференция өз ишин расмий бөлүктөн мурда катышуучулардын бейформал жолугушуусу менен башталды.

Жолугушууга КР Мамлекеттик катчысы Арслан Койчиев, КР Президентинин кеңешчиси Марат Иманкулов, "Манас" улуттук академиясынын президенти Назира Аалы кызы, Ч. Айтматов атындагы Адабият институтунун директору, академик Абдылдажан Акматалиев, Ж. Баласагын атындагы КУУнун ректору Догдурбек Чонтоев жана өлкөнүн алдыңкы илимий жана маданий коомчулугунун өкүлдөрү катышты. Мындан тышкары, конференциянын эл аралык макамын белгилеген чет өлкөлүк коноктор, Улуу Британиядан Жеймс Пламтри, Индиядан Пунит Гаур, Туркиядан Нажийе Йылдыз жана Мехмет Черибаш, Казакстандан белгилүү манасчы жана жазуучу Баянгали Алимжанов да жолугушууга катышып, Кыргызстандагы Манас таануу жаатындагы изилдөөлөргө кызыгуу артканын белгилешти. Бейформал сүйлөшүү учурунда уюштуруучулар конференциянын максаты жана маниси тууралуу айтып, кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн тарыхый өнүгүүсү менен "Манас" эпосунун дүйнөлүк маданияттагы ордун изилдееге арналган илимий иштер боюнча маалымат беришти. Ошондой эле алдыда пландалган докладдар, талкуулар жана кеп тараптуу кызматташуунун жаңы багыттары да талкууланды.

Андан кийин конференциянын расмий бөлүгү өз ишин улантып, катышуучулар улуттук иденттүүлүк, руханий мурас жана заманбап мамлекеттүүлүк маселелерин жаңы илимий көз караштар менен талкуулоого өтүштү. Бул конференцияга “БИК” мекемесинин кыргыз тили жана кыргыз адабияты сабагынын окутуучулары: Б.О. Абдылдаева, Р.Т. Абылкасымова, Д.К. Курманкожоевалар жигердүү катышып келишип, белек-бечкектерге ээ болушту.




**Мамлекеттик тил жана тарбия иштери боюнча директордун орун басары** **Тагаева Гулзат Аликовна**